| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br>АЛТЫН-АРАШАН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АЛТЫН-АРАШАН |
|---|---|---|

**XXVIII-чакырылышынын бириккен Алтын-Арашан жергиликтүү Кенештин биринчи сессиясы**

# Т О К Т О М

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2024-жылдын** 21 февраль **№** 2 **Октябрь а.**

**"Алтын-Арашан айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши" мекемесин каттоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 3-апрелиндеги ПЖ №85 "Нарын облусунун айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жөнүндө" Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы №177 Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" мыйзамдарын, Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө Жобону ж.б. тиешелүү мыйзам актыларын жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1.Октябрь, Кара-Жал, Бөрү-Баш айыл аймактарынын айылдык кеңештерин бириктирүү жолу менен Алтын-Арашан айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**

-Мамлекеттик тилде: Алтын-Арашан айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши " мекемеси;

-Расмий тилде: Учреждение "Местный кенеш айылного аймака Алтын-Арашан "

СМОТРИ НА ОБОРОТЕ

**Кыскартылган фирмалык аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: " Алтын-Арашан айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши" мекемеси
- Расмий тилде: Учреждение "Местный кенеш айылного аймака Алтын-Арашан"

2.Алтын-Арашан айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин Жобосу жаңы редакцияда бекитилсин.

2.2.Алтын-Арашан айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Ак-Суу району, Октябрь айылы, Кожокматов көчөсү № 29 болуп аныкталсын.

3.Октябрь, Кара-Жал, Бөрү-Баш айылдык кеңештин өткөрүп берүү актылары бекитилсин.

4. “Алтын-Арашан айыл аймагынын жергиликтүү кенеши” мекемесин Ыссык-Көл облустук юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттодон өткөрүү жагы айылдык кеңештин жоопту катчысы Ж.С Батамбековага милдеттендирилсин.

Мамлекттик каттоо жөнүндө чечимде андагы көрсөтүлгөн маалыматтардын ошондой эле мамлекеттик катоо үчүн тапшырылган докуметтерди маалыматтардын анык экиндиги ырасталат.

**Төрага** **Т.Т Иманалиев**

Жиберилди: Иш кагазына-1, Юстицияга-2.